| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>КАРКЫРА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КАРКЫРА** |

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 7- сессиясы

# ТОКТОМ

**27-март 2025-ж № 35 Талды-Суу айылы**

**Жер аянттарын трансформациялоого макулдук берүү жөнүндө**

Каркыра айыл өкмөтүнүн 19.03.2025 ж. № 01-7/591 кайрылуусун жана "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ысык-Көл филиалынын жана КР Министрлер Кабинетинин алдындагы Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча агенттигинин Түп филиалынын, КР ӨКМдин Түп району боюнча бөлүмүнүн жана КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл регионалдык башкармалыгынын корутундуларын карап чыгып Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагына караштуу №1449 контурдан 0,20 га жайыт жери, №1450 контурдан 0,60 га саздуу жайыт жери, №1451 контурдагы 1,10 га таштуу жайыт жери, №1452 контурдагы 0,30 га жайыт жери, №1453 контурдагы 0,70 га таштак жайыт жери, №1455 контурдагы 0,20 га жайыт жери жана №1454 контурдагы 0,20 га суу алдындагы жерлер, жалпы аянты 3,30 га жер аянты айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

2.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага Абдылда у.Т.**